| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ | | ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|---|

# БУЙРУК

2023-жылдын 10-октябрынан № 191 Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу «Кыргыз жылуулук энерго» мамлекеттик ишканасынын филиалдары тарабынан иштелип чыккан жана берилген жылуулук энергиясына болгон тарифтер жөнүндө**

«Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы № 193 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого орто мөөнөттүү тарифтик саясатына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2016-жылдын 17-мартындагы № 2 буйругу менен бекитилген продукциянын (жумуштардын, кызматтардын) өздүк наркын аныктоо жана жылуулук энергиясына тарифтерди түзүү методикасына, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 31-майындагы №101 «Жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого тарифтер жөнүндө» буйругуна ылайык жана отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча комиссиянын 2023-жылдын 6-октябрындагы № 06/32 протоколдук чечимин эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. 2023-жылдын 1-октябрынан тартып «Кыргыз жылуулук энерго» мамлекеттик ишканасынын филиалдары тарабынан иштелип чыккан жана берилген жылуулук энергиясына бюджеттик, өнөр жай жана башка керектөөчүлөр үчүн (калктан тышкары) отундун түрлөрү боюнча тарифтер 1-тиркемеге ылайык белгиленсин (салыктарды кошпогондо).
2. «Кыргыз жылуулук энерго» мамлекеттик ишканасынын 2023-жылга техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн жыйынды планы 1 жана

2-кварталдагы фактыларды эске алуу менен ушул буйруктун 2-тиркемесине ылайык бекитилсин.

3. «Кыргыз жылуулук энерго» мамлекеттик ишканасы:

- акыркы керектөөчүлөрдү жылуулук энергиясы менен камсыздоодо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 31-майдагы №101 «Жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого тарифтер жөнүндө» буйругу менен жана ушул буйрук менен бекитилген тарифтерди колдонсун;

- ушул буйруктун 2-пунктунда бекитилген техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн жыйынды планын так аткарсын;

- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке иш жүзүндөгү техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдү квартал сайын берип турсун.

4. Жылуулук энергиясына тарифтерди белгилөө үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке берилген маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик «Кыргыз жылуулук энерго» мамлекеттик ишканасынын башкы директоруна жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментинин 2023-жылдын 16-январындагы № 04 «Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу «Кыргыз жылуулук энерго» мамлекеттик ишканасынын филиалдары тарабынан иштелип чыккан жана берилген жылуулук энергиясына болгон тарифтер жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

6. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы:

- ушул буйрукту «Кыргыз жылуулук энерго» мамлекеттик ишканасына жөнөтсүн;

- ушул буйрукту жалпыга маалымдоо үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

7. Буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И.Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т. Э. Орозалиев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Энергетика министрлигине караштуу**
**Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу**
**боюнча департаменттин**

**2023-жылдын . « 10 » октябрындагы**

**№ 191 буйругуна**
**1-тиркеме**

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу «Кыргыз жылуулук энерго» мамлекеттик ишканасынын филиалдары тарабынан өндүрүлгөн жана берилген жылуулук энергиясына тарифтер**

| **№** | **Отундун түрлөрү** | **Өлчөө бирдиги** | **2023-жылдан 1-октябрынан тартып тарифтер (салыктарды кошпогондо).** |
|---|---|---|---|
| 1 | Жаратылыш газы менен иштеген отканалар үчүн | сом/Гкал | 7 934,03 |
| 2 | Мазут менен иштеген отканалар үчүн | сом/Гкал | 10 007,29 |
| 3 | Катуу отун (көмүр) менен иштеген отканалар үчүн | сом/Гкал | 6 387,47 |
| 4 | Электр энергиясы менен иштеген отканалар үчүн | сом/Гкал | 7 060,49 |